**1.Тартиптик жазаны жорук аныкталгандан кийин канча убакытка чейин берүүгө болот?**
- 4 ай ичинде.
- 10 күндүн ичинде.
- Бир жыл.
- 1 айга чейин.

**2. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы билим берүү стандартынын элементтерине кирбейт?**
- Жалпы жана кесиптик компетенциялар
- Октуунун формасы жана эмгек сыйымдуулугу
- Окутуунун натыйжалары
- Жыйынтык аттестацияга талаптар

**3. Компетенциялар билим берүү стандартында кандай роль аткарат?**
- Бутуруучунун милдеттерин аныктайт
- Бүтүрүүчүнүн даярдык деңгээлине болгон талаптарды белгилейт
- Окуу процессин жургузуу боюнча бардык жоболорду аныктайт
- Аудиториялык сааттардын санын чагылдырат

**4. «Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасына ылайык университеттин алдына коюлган канча милдет бар жана ал милдеттерди белгилеңиз?**

А – Изилдөөнүн сапаты. Коомдун негизги маселелерин чечүү үчүн фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү
Б – Долбоордук иш. Улуттук жана эл аралык контекстте илимий долбоорлордун ишин колдоо
В – Интеграция. Билим берүүнү дүйнөлүк тенденцияларга карата интеграциялоо
Г – Сапаттуу окутуу. Адамдардын жана коомдун керектөөлөрүн эске алуу менен программалардын каталогунда сапатты жана инновацияны алдыга жылдыруу
Д – Жагымдуулук. Билим берүү чөйрөсүнүн жагымдуулугун жана эл аралык аспектин жогорулатуу
Е – Ийкемдүүлүк. Эмгек рыногунун суроо-талаптарына жараша билим берүүнү адаптациялоо.
Ж – Студенттер. Студенттерге жогорку билим алуу угугу боюнча саясатын колдоо жана аларга кызмат көрсөтүнү жакшыртуу
З – Инновация. Коомдун социалдык-экономикалык структурасынын пайдасына технологияны жана билимди өткөрүүнү жакшыртуу
К – Жайылтуу. Илимий жана маданий иш-чараларды популяризациялоо
Л – Туруктуулук. Социалдык, финансылык жана экологиялык туруктуулукту жакшыртуу боюнча демилгелерди кубаттоо

- 8 милдет: А,Б,Г,Д,Ж,З,К,Л
- 8 милдет: А,В,Г,Д,Е,З,К,Л
- 7 милдет: А,В,Г,Е,Ж,З,Л
- 7 милдет: А,Б,В,Д,Е,Ж,З

**5. ... – Окуп-үйрөнүлүп жаткан дисциплинанын окуу-усулдук документтеринин, окуп үйрөнүү жана текшерүү каражаттарынын жыйындысы**
- Силлабус
- Окуу методикалык комплекс
- Жумушчу программа
- Баалоо каражаттарынын фонду

**6. Төмөнкү сыпаттама кайсыл түшүнүккө тиешелүү?**
- окуу предметтеринин тизмесин жана анын сааттык көлөмүн аныктайт;
- анык бир билим берүү программасы үчүн иштелип чыгат;
- окуу процессинин графигин аныктайт;
- курсу жана семестри боюнча окутулуучу дисциплиналардын удаалаштыгын аныктайт;
- окутуунун түрү, практикалардын түрү, текшерүүлөрдүн түрүн аныктайт;
- практикалардын жана мамлекеттик аттестациялардын өтүлүү мөөнөтүн аныктайт.

- Силлабус
- Окуу методикалык комплекс
- Семестрдик окуу план
- Окуу план

**7. Билим берүү программаларынын жалпы көлөмү канча кредитке барабар?**
- Бакалаврларды даярдоо үчүн - 240 ECTS кредитти, магистрлерди даярдоо үчүн 120 ECTS кредитти, адистерди даярдоо үчүн – 360 ECTS кредитти түзөт.
- Бакалаврларды даярдоо үчүн - 120 ECTS кредитти, магистрлерди даярдоо үчүн -50-100 ECTS кредитти, адистерди даярдоо үчүн - 200 ECTS кредитти түзөт.
- Бакалаврларды даярдоо үчүн - 240 ECTS кредитти, магистрлерди даярдоо үчүн -60-120 ECTS кредитти, адистерди даярдоо үчүн – 300-360 ECTS кредитти түзөт.
- Бакалаврларды даярдоо үчүн - 200 ECTS кредитти, магистрлерди даярдоо үчүн -60-120 ECTS кредитти, адистерди даярдоо үчүн - 400 ECTS кредитти түзөт

**8. Семестрдик план эмненин негизинде түзүлүп, бекитилет?**
- Окуу процессинин графигинин жана семестрдик окуу пландын негизинде
- Семестрдик окуу пландын негизинде
- Окуу процессинин жана окуу пландын негизинде
- Жадыбалдын негизинде

**9. Жадыбал эмненин негизинде түзүлүп, бекитилет?**
- Ар бир айда факультеттин чечими менен жадыбал түзүлүп, бекитилет
- Ар бир жумада кураторлордун чечими менен жадыбал түзүлүп, бекитилет
- Ар бир жарым жылдык ичинде бекитилген семестрдик пландын негизинде
- Жыл ичинде бекитилген семестрдик пландын негизинде

**10. Окутуучунун бир жумадагы иш күнү канча саатка барабар?**
- 42 саат
- 34 саат
- 36 саат
- 24 саат

**11. Кафедранын негизги милдети болуп эмне эсептелет.**
- ОПКнын окуу-усулдук иш аракеттин, квалификациялык, ж.б. сапаттарын өнүктүрүү.
- Айлык акылардын көбөйүшүн аныктоо.
- Студенттердин жашоо шартын жакшыртуу.
- Тарификациялык барактарды даярдоо.

**12. Белгиленген милдеттер боюнча кафедралардын кандай түрлөрү бар.**
- Жалпы кесиптик, атайын
- Бүтүрүүчү, негизги
- Жалпы адистик, бүтүрүүчү
- Атайын, орто кесиптик

**13. ОПКнын илимий иштерин пландоо, жана уюштуруу кайсы структуралык бөлүмгө тиешелүү?**
- Деканатка/дирекцияга, кафедрага, профсоюз уюмуна.
- Ректоратка, деканатка/дирекцияга, окуу бөлүмүнө.
- Кафедрага, ректоратка.
- Кадрлар бөлүмүнө, окуу бөлүмүнө.

**14. Кайсы учурда кафедра түзүүгө болот?**
- Студенттердин саны көбөйүп, сааттардын саны көбөйгөндө жана окуу-усулдук мүмкүнчүлүк болгон учурда.
- Материалдык техникалык база болуп, ОПК каалаган учурда.
- Материалдык техникалык база болуп, окуу процессине тиешелүү окуу-усулдук материалдар менен камсыздаса, жана ОПК талапка жооп берсе.
- Материалдык техникалык база гана жетиштүү болсо.

**15. Практикалардын түрлөрүн уюштуруу жана өткөрүү түздөн-түз кайсы структуралык бөлүмгө тиешелүү?**
- Ректоратка, кадрлар бөлүмүнө.
- Деканатка/дирекцияга, кафедрага.
- Кафедрага гана.
- Окуу бөлүмгө.

**16. Саат жүктөмдөрүн предметтер (дисциплина) боюнча бөлүштүрүүдө окутуучулардын кандай сапаттарына көңүл буруу керек?**
- Окутуучунун предметке адистешүүсүнө.
- Окутуучунун эмгек стажына.
- Окутуучунун аткаруу жөндөмдүүлүгүнө.
- Окутуучунун кадыр- баркына.

**17. Окуу процессинин жүрүшүн, практикаларды уюштуруу жана өткөрүү жана СӨАИни көзөмөлдөө кимдин милдетине кирет?**
- Декандын окуу иштери боюнча орун басарынын.
- Кафедра башчысынын.
- Окуу бөлүмүнүн инспекторунун.
- Окуу-усулдук кеңештит төрагасынын.

**18. Канча жашка толгон адам кызматкер болушу мүмкүн?**
- 14
- 15
- 16
- 21

**19.Билим берүү программасынын аккредитацияланбай калуусуна негиз болгон сыпаттаманы белгилеңиз**
- Билим берүү программасынын ийгиликтүү ишке ашырылышын мүнөздөгөн жана толуктоого мүмкүн болгон 1 же 2 стандарттын талаптарынын аткарылбашы
- Билим берүү программасынын сапатын аныктап турган 2 стандарттын талаптарынын аткарылбашы
- Аккредитациялык стандарттардын бардык талаптарынын аткарылышы жана “эксперттердин кеңештеринин” рекомендациялык мүнөздө берилиши
- Билим берүү программасынын сапатын аныктап турган 3 же андан көп стандарттардын талаптарынын аткарылбашы

**20. Билим берүү программасынын 1 жылга аккредитациялануусуна негиз болгон сыпаттаманы белгилеңиз**
- Билим берүү программасынын ийгиликтүү ишке ашырылышын мүнөздөгөн жана толуктоого мүмкүн болгон 2 стандарттын талаптарынын аткарылбашы
- Билим берүү программасынын сапатын аныктап турган 3 стандарттын талаптарынын аткарылбашы

- Аккредитациялык стандарттардын бардык талаптарынын аткарылышы жана “эксперттердин кеңештеринин” рекомендациялык мүнөздө берилиши
- Билим берүү программасынын сапатын аныктап турган 4 стандарттын талаптарынын аткарылбашы

**21.Билим берүү программасынын 5 жылга аккредитацияланышына сыпаттаманы белгилеңиз**

- Билим берүү программасынын ийгиликтүү ишке ашырылышын мүнөздөгөн жана толуктоого мүмкүн болгон 1 стандарттын талаптарынын аткарылбашы
- Билим берүү программасынын сапатын аныктап турган 2 стандарттын талаптарынын аткарылбашы
- Аккредитациялык стандарттардын бардык талаптарынын аткарылышы жана “эксперттердин кеңештеринин” рекомендациялык мүнөздө берилиши
- Билим берүү программасынын сапатын аныктап турган стандарттардын талаптарынын толугу менен аткарылбашы

**22. Сабакка катышуучунун милдеттери кайсылар? Туура эмес жоопту белгилеңиз.**

- сабакта байкалган ийгиликтүү жана жетишсиз жактар боюнча конструктивдүү сын-пикирди берүү жана талкууга ачык болуу
- окутуучуларга жеке жана профессионалдык деңгээлин жакшыртууга багытталган ресурстар жана иш-чаралар тууралуу сунуштарды берүү
- сабактарда өз ойлорун билдирүүдө сыпаалыкты сактоого жана профессионалдык этиканы кармануу
- жаш окутуучуларга менторлоо, профессионалдык өсүү үчүн колдоо көрсөтүүгө тиешеси жок

**23. Насаатчылыктын негизги милдеттерин белгилеңиз.**

- жаш окутуучулардын индивидуалдуу шыгын эске алып, окутуу процессине жана университеттин коомдук турмушуна тартуу;
- жаш окутуучунун ПО курамга ыңгайлашуусу, эмгек жамаатынын салттарын жана университеттеги жүрүм-турум эрежелерин кабыл алууга жетишүү
- кадрлардын алмашуусун кыскартуу жана иш берүүчү менен узак мөөнөттүү эмгек мамилелерин түзүүгө түрткү берүү
- баары туура

**24. ... – бул өздөштүрүүчү дисциплинанын мүнөздөмөсүн, курстун максаттарын жана милдеттерин, кыскача мазмунун, темаларды жана бөлүмдөрдү, негизги жана кошумча адабияттардын тизмесин камтыган документ.**

- Окутуу программасы
- Окуу программасы
- Негизги билим берүү программасы
- Окуу планы

**25. ... – жогорку окуу жайларынын студенттеринин жана окутуучуларынын белгилүү бир мезгилге окуу же окутуу максатында башка окуу же илимий мекемеге баруусу**

- Конок лекция
- Тажрыйба алмашуу
- Насаатчылык
- Академиялык мобилдүүлүк

**26. Рейтинг боюнча жобого ылайык кайсы көрсөткүч верификацияланбайт:**

- ОшМУнун жана тармактык комитеттин төрага, катчы, мүчө болуп шайлангандыгы жөнүндөгү буйруктары
- тажрыйба алмашуунун натыйжаларын тастыктаган келишимдер, чакыруу каттары

- шайлоо алдындагы үгүт иштерине, башка маданий-массалык жана саясий иш-чараларга катышуусун тастыктаган документтер
- коомдук башталыштагы акы төлөнбөй турган кызматтарга жооптууларга директор, декандардын буйрук, буйрутмалары

**27. Дисциплинанын окуу-усулдук комплексин талдоону камтыган документ:**

- аннотация
- анкета
- рецензия
- глоссарий

**28. Окуу планына ылайык келген окуу дисциплинасын, анын бөлүмүн, бөлүгүн системалуу түрдө баяндоону камтыган окуу басылмасы – бул ...**

- окуу-усулдук колдонмо
- окуу китеби
- усулдук көрсөтмө
- окуу прогаммасы

**29. Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү камтыган дисциплиналардын тизмеси:**

- пререквизит
- постреквизит
- сореквизит
- реквизит

**30. Өнөктөш окуу жайлардын илимпоздору конок лекцияларды окушу, окутуучулардын чет өлкөлүк университеттерге барып доклад окуп, алардын кызматкерлери менен макалаларды жарыялашы, эл аралык конференциялардын уюштурулушу, кош дипломдуулук программаларынын ишке ашырылып жатышы ж.б. мунун баарын кайсы термин менен мүнөздөөгө болот?**

- Кызматташтык меморандуму
- Академиялык мобилдүүлүк
- Интернационализация
- Эл аралык дипломатия

**31. QS рейтингинин талаптары боюнча университеттин студенттеринин канча пайызы чет өлкөлүк окуу жайларга 1 семестрге мобилдүүлүк боюнча чыгуусу зарыл?**

- 30 пайызын
- 35 пайызын
- 15 пайызын
- 5 пайызын

**32. QS рейтингинин талаптары боюнча университеттин окутуучуларынын канча пайызын чет өлкөлүктөр түзүш керек?**

- 5 пайызын
- 10 пайызын
- 15 пайызын
- 20 пайызын

**33. QS рейтингинин талаптары боюнча окуу жайдын студенттеринин канча пайызын чет өлкөлүктөр түзүш керек?**

- 10 пайызын
- 15 пайызын
- 5 пайызын
- 20 пайызын

34. **Эл аралык тажрыйбасы бар алдыңкы университеттер кайсы багытта артыкчылыкка жетишет?**
- Жергиликтүү студенттердин санын азайтууда
- Илимий-изилдөө жана инновация тармагында
- Улуттук рейтингдерде гана
- Мамлекеттик кызматкерлерди даярдоодо гана

35. **QS рейтингинде "citation per faculty" көрсөткүчү эмнени чагылдырат?**
- Ар бир окутуучунун алган маянасын
- Ар бир окутуучунун жазган илимий макалаларына шилтемелердин санын
- Окутуучулардын сабак өтүү убактысын
- Студенттердин экзаменден алган упайларын

36. **Кайсы стратегия билим берүүнү интернационалдаштырууда натыйжалуу ыкма болуп эсептелет?**
- Бардык чет элдик программаларды четке кагуу
- Эл аралык рейтингдерге катышуудан баш тартуу
- Эл аралык профессорлорду тартуу жана студенттик алмашуу программаларын ишке ашыруу
- Болгону ички аудит жүргүзүү

37. **Интернационалдашкан университеттерге төмөнкү мүнөздөмөлөрдүн кайсынысы тиешелүү?**
- Жергиликтүү студенттер гана билим алат
- Эл аралык академиялык кызматташтык жана кош дипломдуу программалар бар
- Бардык сабактар улуттук тилде гана өтүлөт
- Тышкы байланыштарга тыюу салынат

38. **QS World University Rankings кайсы негизги критерийге көңүл бурат?**
- Мамлекеттик колдоо көлөмүнө
- Камсыздандыруу жана жабдуулардын жаңылыгына
- Окумуштуулардын жана студенттердин академиялык аброюна, илимий макалаларга, окутуучулардын студенттерге катышына
- Университеттин архитектуралык дизайнына

39. **Билим берүүдөгү интернационалдаштыруу түшүнүгү эмнени билдирет?**
- Тек гана англис тилин үйрөтүүнү
- Башка өлкөлөрдүн окуу программаларын көчүрүп алуу
- Окуу процессине эл аралык элементтерди киргизүү, студент жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн камсыз кылуу
- Ички рынокко гана багытталган билим берүү системасын өнүктүрүү

40. **ОшМУнун базалык окуу планында кандай циклдер каралган?**

А - Жалпы билим берүү цикли
Б - Илимий изилдоо цикли
В - Кесиптик цикл
Г – ГСЭ

- А,Б,В
- А,Б
- А,В
- А,В,Г

41. **Билим берүү стандарты менен билим берүү программасындагы (НББП) айырмачылыгын белгилегиле**
- Окуу планы

- Билим беруунун максаты
- Кесиптик ишмердуулуктун турлору
- Кесиптик компетенциялар

**42. Иш берүүчүлөрдүн талаптары билим берүү стандарттарына кантип интеграцияланат?**

- НББПны талкуулоо аркылуу
- Аккредитациялык учурунда
- Окуу планындагы дисциплиналарды аныктоо учурунда
- Ишканадагы аткарган кызматы аркылуу

**43. Билим берүү стандартынын негизги компоненттерин белгилегиле (бир нече жооптор туура)**

А - Кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү
Б - Кесиптик ишмердүүлүгүтөгү объектилери
В - Кесиптик ишмердүүлүктүн багыттары
Г - Кесиптиктик ишмердүүлүктүн белгилери

- А,Б,Г
- А,Б,В
- А,В,Г
- А,Г

**44. Базалык окуу планын тузуудогу же негизги документти белгилегиле**

- ББСнын негизинде
- Билим берүү уюмундагы жобонун негизинде
- НББПнын негизинде
- Иш беруучулорд ун сунушун негизинде

**45. Жогорку окуу жай үчүн "аккредитацияланган" деген статус эмнени билдирет?**

- Университет чет өлкөлүк студенттерди чектөөсүз кабыл алууга укуктуу
- ЖОЖ билим сапатынын белгиленген стандарттарына жооп берет жана мамлекеттик диплом бере алат
- Университет инфраструктураны өнүктүрүү үчүн мамлекеттен каржылоо алат
- Университет санитардык нормалардын сакталышы боюнча текшерүүдөн өттү

**46. Кыргыз Республикасында программалык аккредитациялоого өтүнмө берип кайрылууга кимдер укуктуу?**

- Мамлекеттик университеттер гана
- Лицензия боюнча билим берүү ишин жүргүзгөн орто жана жогорку окуу жайлары
- Кыргызстандын ЖОЖдору менен кызматташкан эл аралык уюмдар
- Университетте окуган студенттер

**47. Программаны аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча терс баа алынса эмне болот?**

- Программа автоматтык түрдө жабылат
- Программанын мазмуну каралып чыгып, кайрадан өтүнмө берилет
- Университет лицензиясынан ажырайт
- Программанын бардык студенттери башка университеттерге которулат

**48. Аккредитацияны ийгиликтүү өткөндүгү тууралуу сертификат берүү боюнча акыркы чечимди ким кабыл алат?**

- Эксперттик топ
- Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

- Агенттиктин аккредитациялык кеңеши
- Университеттин ректораты

**49. Кайсы учурда билим берүү программалары аккредитациядан өтпөдү деп эсептелинет?**

- эки аккредитациялык стандарттар боюнча талаптарга жооп бербеген шартта
- үч же андан көп аккредитациялык стандарттар боюнча талаптарга жооп бербеген шартта
- бир аккредитациялык стандарттар боюнча талаптарга жооп бербеген шартта
- кафедранын сапаттык көрсөткүчү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келбеген шартта

**50. Билим берүү программасын баалоонун тышкы этабы кандай формада өтөт?**

- Окуу планын онлайн талдоо
- Эксперттердин окуу жайга визити
- Студенттердин жыйынтыктоочу тестирлөөсүн өткөрүү
- Окутуучуларга консультация өтүү

**51. Төмөнкү компоненттердин кайсынысы программалык аккредитациянын стандарттарына кирбейт?**

- Билим берүү программасы
- Инфраструктура
- Окутуучулардын эмгек акысынын эсеби
- Профессордук-окутуучулук курам

**52. ОшМУда билим берүү программаларынын сапатын ички баалоо кайсы структурага жүктөлөт?**

- Коопсуздук бөлүмү;
- Кадрлар бөлүмү;
- Аккредитация жана лицензиялоо бөлүмү;
- Окуу бөлүмү.

**53. Аккредитациялоодо билим берүү программасын баалоо үчүн кайсы документ негизги болуп эсептелинет?**

- Окуу планы
- Билим берүү программасынын өзүн өзү баалоо боюнча отчету
- Кафедранын илимий ишмердүүлүгү жөнүндө отчет
- Университеттин финансылык отчету

**54. Кыргыз Республикасында программалык жана институционалдык аккредитациянын сертификатынын жарактуулугунун максималдуу мөөнөтү канча?**

- 1 жыл
- 3 жыл
- 5 жыл
- 7 жыл

**55. Кыргыз Республикасындагы жогорку билим берүүнүн контекстинде программалык аккредитация деген эмне?**

- Университеттин инфраструктурасын баалоо процесси;
- Билим берүү программаларынын белгиленген стандарттарга шайкештигин баалоо;
- Университеттин финансылык ишмердигин текшерүү;
- Педагогикалык кадрларды лицензиялоо.

**56. Кызматкердин жумуш ордун жана эмгек акысын сактоо менен ага жыл сайын эс алууну же социалдык максаттарды берүү үчүн белгилүү аныкталган бир мезгилге иштен бошотуу?**

- Дем алыш

- Өргүү
- Сапарга чыгуу
- Билимин өркүндөтүү

**57. Кызматкердин эмгектенүүсү жана эмгек стажы жөнүндө белгиленген үлгүдөгү негизгидокумент?**
- Табель
- Тарификация
- Диплом
- Эмгек китепчеси

**58. ОшМУда кызматкерлерди жумушка кабыл алуу Эмгек Кодексинин кайсы беренеси менен жүргүзүлөт?**
- 24
- 18
- 10
- 190

**59. Айрым жарандарга эмгек келишимин түзүүдөн негизсиз баш тартууга жол берилбейт?**
- Артыкчылык дипломдун ээлери
- Пенсия курагындагылар
- Ишке жазуу жөнүндө чакырылгандар
- 18 жаштагы кызматкерлер

**60. Түнкү убактагы ишке сутканын кайсы сааттары кирет?**
- 22ден 06га чейин
- 20дан 07ге чейин
- 21ден 05ке чейин
- 18ден 05ке чейин

**61. Кызматкердин эс алуу убактысы?**
- Өргүү, майрам күндөрү
- Жооп сураган убактысы
- Сапарда жүрүүсү
- Иштеги командировкалар

**62. Кызматкер жумушка киргенден тартып канча күндүн ичинде эмгек китепчесине жазылат?**
- 15 күн
- 5 күн
- 3 күн
- 18 күндөн соң

**63. Кафедра башчысы катары сиз кызматкерди кызматынан бошотууда кандай негизги принципти сакташыңыз керек?**
- Жумуш берүүчүнүн каалоосу
- Иш тартибин сактабагандыгы үчүн
- Эмгек кодексинде көрсөтүлгөн тартип жана негиздер
- Билим берүү мыйзамында көрсөтүлгөн тартип жана негиздер

**64. Айкалыштырып иштеген адамдар үчүн иш берүүчү тарабынан белгиленүүчү жумуш убактысынын узактыгы күнүнө канча сааттан ашпоого тийиш?**
- 8 саат
- 6 саат
- 3 саат
- 4 саат

**65. Түнкү убактагы жумушка кандай акы төлөнөт?**
- 2 эсе

- 50 %
- 1,5 эсе
- 1 эсе

**66. Окутуучу тартип бузганда же ишке себепсиз келбесе эмгек акысынан канча кармалат?**

- 10 %
- Калтырган сааттарын
- Болбойт
- 50 %

**67. Иш берүүчүнүн демилгеси боюнча кызматкерди эмгек акысы сакталбаган өргүүгө жиберүүгө болобу?**

- Болот
- 2 айга болот
- 1 жылга чейин жөнөтсө болот
- Болбойт

**68. Иш берүүчү эмгек акы төлөөнүн мөөнөтүн бузганда канча пайыз кошумча менен төлөп берүүгө тийиш?**

- 1 %
- 0,20 %
- 0,15%
- 0,25 %

**69. Локалдык ченемдик актынын катарына кирген иш кагаздарын тактаңыз?**

- Министрлер Кабинетинин токтому.
- ОшМУнун буйругу.
- Билим Берүү мыйзамы.
- Баары кирет.

**70. Тартиптик жазанын түрлөрү?**

- Сөгүш.
- Түшүнүк кат.
- Жыйындын токтому.
- Штраф салуу.

**71. Кызматкерге тартиптик жаза кимдер тарабынан берилет?**

- Жетекчи же анын өкүлү тарабынан.
- Профсоюз уюму берет.
- Жалпы жыйында берилет.
- Берүүгө болбойт.

**72. Билим берүү программасы 5 жылга аккредитациялангандан кийинки кадамды көрсөтүңүз**

а) Аккредитациялык талаптарды аткаруу жана кайрадан аккредитациядан өтүүгө өтүнмөнү бир жылдан кийин берүү;

б) кийинки беш жылдык убакыт аралыгынын аягында аккредитациядан өтүүгө өтүнмөнү берүү;

в) аккредитациялык агенттик тарабынан көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде бардык талаптардын аткарылышын аргументтештирген далилдерди жөнөтүү.

г) аккредитациялык агенттикти алмаштыруу

- а)
- б) г)
- а) в)
- а) б)

**73. Илимий стилдин подстилдерин эмнелер түзөт?**

- радио-телеберүүлөр, курстук иш
- драма, очерк, жомок, репортаж
- диалог, монолог, эпилог, пролог
- лекция, конспект, реферат, СӨАИ

**74. Уюштуруу-тескеме (расмий) иш кагаздарын белгиле.**

- келишим, нота, билдирүү, меморандум, дипломатиялык кызмат каттары
- тил кат, ишеним кат, протокол, акт, буйрук, мыйзам
- арыз, түшүнүк кат, өмүр баян, кулактандыруу, жарыя
- токтом, жарлык, буйрук, көрсөтмө, акт, тескеме, протокол

**75. Төмөнкүлөр туруктуу өнүгүүнүн негизги компонеттери болуп саналат**

- социум, экономика, экология
- экономика, илим, маданият
- адам, коом, айлана чөйрө, экономика
- экология, экономика, экосистема

**76. Төмөнкүлөрдү академиялык чынчылдык принциптерине жана "баалоого" карата бөлүштүрүңүз**




- Академиялык чынчылдык принцитери: Б,Г,Д,З. Баалоо: А,В,Ж,К
- Академиялык чынчылдык принцитери: А,Б,Г,Ж,З. Баалоо: В,Д,К
- Академиялык чынчылдык принцитери: В,Ж,К. Баалоо: А, Б,Г,Д,З
- Академиялык чынчылдык принцитери: Б,Г,Д,К. Баалоо: А,В,Ж,З

**77. Сүйлөмдү толуктаңыз**

**... – бул студенттин сапаттуу билим алуусу үчүн жетекчиликке алуучу чынчылдыктын принциптери, баалуулуктары**

- академиялык чынчылдык
- баалоо каражаттарынын фонду
- университеттин баа коюу политикасы
- университеттин ички тартип эрежелери

**78. Сүйлөмдү толуктаңыз**

**Плагиат, документти жасоо, бааны сатып алуу же башка жолдор менен жогорулатуу, окуу тапшырмасын (реферат, доклад, квалификациялык иш, долбоор ж.б.у.с.) башкаларга жасатуу, алдоо аркылуу окуу тартибин бузуу ж.б.у.с. аракеттер ... болуп саналат.**

- академиялык эреже бузуулар
- академиялык чынчылдык
- окуу процессиндеги терс көрүнүштөр
- жооптордун баары туура

**79. Аныктаманы толуктаңыз**

**Академиялык эркиндик – студенттердин өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө, талаптарына жана кызыгуусуна жараша окуп-үйрөнүү траекториясын ...**

- өз алдынча тандоо мүмкүндүгү
- кафедра тарабынан сунушталган сунушка ылайык тандоо мүмкүндүгү
- академиялык тайпа менен биргеликте окуу жылынын башында сабактарды жана мугалимдерди тандоо мүмкүндүгү
- куратор менен биргеликте сабактарды жана мугалимдерди тандоо мүмкүндүгү

**80. Туура вариантты тандаңыз**

Билим берүү программасын аккредитациядан өткөрүүдө өздүк отчетту жазуунун негизги принциптери
А – структуралаштырылган
Б – көлөмдүү
В – окумдуу
Г – текст, графика, схема
Д – аналитика
Е – обьективдүү баалоо
Ж – негиздүү
И – грамматикалык жана стилистикалык катасыз

- АВДЕЖ
- АБВДЕЖ
- АБВГЖИ
- БВГДЕИ

**81. Туура вариантты тандаңыз**

**... – өздүк потенциалын обьективдүү баалоодон келип чыккан университеттин негизги стратегиялык максаттарынын жыйындысы**

- университеттин миссиясы
- негизги билим берүү программасы
- стратегиялык план
- кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты

**82. … – окуу-усулдук документтердин жыйындысы, тартипке салуучу максаттар, күтүлгөн натыйжалар, тиешелүү багыт боюнча билим берүү процессин ишке ашыруу жана анын мазмуну (булак: жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары);**
- негизги билим берүү программасы
- окуу-методикалык комплекс
- силлабус
- мамлекеттик билим берүү стандарты

**83. … - белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу, үзүрлүү иш-аракети үчүн зарыл болгон студенттин (окуучунун) окуу-тарбия даярдыгына карата алдын ала белгиленген коомдук талап же норма (булак: жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары)**
- билим берүү багыты
- профили
- стандарт
- компетенция

**84. ISO 9000:2015 деген эмне?**
- Кыргызстандагы квалификациялардын Улуттук рамкасы
- жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты
- сапат менеджментинин эл аралык стандарттарынын сериясы
- Эл аралык аккредитациялык агенттик

**85. ISO 9000 стандарттары боюнча сапат менеджментинин принциптерине кайсылар кирбейт?**

А – колдонуучунун талабына багытталуу (ориентация на потребителей)
Б – лидерлик (лидерство)
В – кызматкерлердин өз ара биргелешкен аракети (взаимодействие работников)
Г – процесстик мамиле (процессный подход)
Д – жакшыртуу (улучшение)
Е – далилдерге негизделген чечимдерди кабыл алуу (принятие решений, основанное на свидетельствах)
Ж – өз ара мамиленин менеджменти

- А,В,Г,Д
- А,Б,В,Д,Е
- Г,Д,Е,Ж
- баары кирет

**86. Туура вариантты белгилеңиз.**
**Төмөндө саналгандар … болуп эсептелинет**

- Сырткы регуляторлор (мамлекеттик стандарттар, лицензиялоонун, аккредитациялоонун талаптары)
- Ички регуляторлор (өзүн өзү текшерүү жана баалоо)
- Сырткы шарттар (коомдун талаптары жана күтүүлөрү, үмүттөрү)
- системанын өнүгүүсүнө таасирин тийгизген факторлор
- системаны уюштурууда эске алынуучу жагдайлар
- кайтарым байланыштын түрлөрү
- сапатты камсыздоочу факторлор